КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XXXXIV сессиясы**

**Токтом № 208**

6-сентябрь 2024-жыл — Сүлүктү шаары

**Лейлек районунун Кулунду айыл аймагына караштуу Сүлүктү шаарынын айланасындагы калк жашап калган 553,0 га жер аянтын Сүлүктү шаарына кошууга макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 06.09. 2024ж. №01-12/2457 сандагы Лейлек районунун Кулунду айыл аймагына караштуу Сүлүктү шаарынын айланасындагы калк жашап калган 553,0 га жер аянтын Сүлүктү шаарына кошууга макулдук берүү жөнүндөгү катын карап чыгып Кыргыз Республикасында административдик аймактык реформа жүргүзүлүп жаткандыгына байланышуу Кыргыз Республикасынын "Жер Кодексин", "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө", "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу" жөнүндө Мыйзамдарын жетекчиликке алып Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Лейлек районунун Кулунду айыл аймагына караштуу Сүлүктү шаарынын айланасындагы калк жашап калган Схемалык картада көрсөтүлгөн 553,0 га жер аянтын Сүлүктү шаарына кошууга макулдук берилсин.
2. Сүлүктү шаардык кеңешинин төрагасына жана Сүлүктү шаарынын мэрине Схемалык картага кол коюу тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын

Төрага: М.А. Кутбидинов